УДК: 9-05(07)

*Толубаева Ч. Д., филол. илим. канд., доцент*
*tolubaeva.1975@mail.ru*
*Жумаева К., магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН ӨМҮРҮ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН 10-КЛАССТА ОКУТУУ

*Макалада кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башатында турган, кыргыз тил илиминин негизделишине, кыргыз профессионал жазма адабиятынын түптөлүшүнө, котормо жаатына, агартуу системасына зор салым кошкон улуу инсан Касым Тыныстановдун өмүрү, чыгармачылыгын 10-класста артыкчылыктар менен кантип окутуу керек деген маселе көтөрүлөт. Анда окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун арттыруу үчүн заманбап технологиялардын жардамы аркылуу сабак-лекция формасы, сабак-слайд, сабак-презентация формалары менен улуу инсандын жаштарга өрнөк болчу өмүрү жана чыгармачылыгын мыкты деңгээлде кантип өтүү сунушу берилет. Ошондой эле окуучуларга үй тапшырма катары жекече же топ менен иштөөгө сабак-слайд, сабак-презентация даярдап келүү үчүн сабактын темасын, адабияттарды изденүүгө багытталган методикалык сунуштар тууралуу сөз кылат.*

***Өзөктүү сөздөр**: мамлекеттүүлүк, адабият, тил илими, сабак-лекция,сабак-слайд, окутуу.*

*Толубаева Ч. Д., канд. филол. наук., доцент*
*e-mail:tolubaeva.1975@mail.ru*
*Жумаева К., магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

# ОБУЧЕНИЕ ЖИЗНИ И ТВОРЧЕСТВУ КАСЫМА ТЫНЫСТАНОВА В 10 КЛАССЕ

*В статье поднимается вопрос о том, как в 10-м классе преподавать жизнь и творчество Касыма Тыныстанова, великого человека, внесшего большой вклад в основание кыргызской государственности, кыргызского языкознания, кыргызской профессиональной письменной литературы, в области перевода и развития просвещения. В данной статье авторы предлагают, как лучше всего преподавать жизнь и творчество великого человека, который был образцом для подражания молодежи, с помощью современных технологий, используя различные формы уроков: урок-лекция, урок-слайд, урок-презентация, с целью повышения интереса учащихся к литературе. Также речь идет о методических рекомендациях при наставлении учащихся на путь поиска информации, темы, литературы и подготовки уроков-слайдов, уроков-презентаций в индивидуальной или групповой форме в качестве домашнего задания.*

***Ключевые слова**: государственность, литература, языкознание, урок-лекция, урок-слайд, преподавание.*

*Tolubaeva Ch. D., candidate of philological sciences*
*mail:tolubaeva.1975@mail.ru*
*Zhumayeva K., undergraduate*
*ISU named after K. Tynystanov,*
*Kyrgyzstan*

# TEACHING THE LIFE AND WORK OF KASYM TYNYSTANOV IN GRADE 10

*The article raises the question of how to teach the life and work of Kasym Tynystanov, a great man who made a great contribution to the foundation of the Kyrgyz statehood, to the foundation of Kyrgyz linguistics, to the foundation of Kyrgyz professional written literature, in the field of translation, and in the education system - in 10- m class. In this article, the author suggests how best to convey the life and work of a great man who was a role model for young people, using modern technologies, using the forms lesson-lecture, lesson-slide, lesson-presentation, in order to increase students' interest in literature. He also talks about the topic of the lesson, literature and methodological proposals for research in order to prepare lessons-slides, lessons-presentations for individual or group work of students as homework.*

***Keywords:*** *statehood, literature, linguistics, lesson-lecture, lesson-slide, teaching.*

Бүгүнкү илим менен техниканын өнүккөн доорунда жаш жеткинчектерди, окуучуларды, студенттерди адабиятка, өткөн тарыхыбызды чагылдырган оозеки чыгармаларыбызга кызыктыруу оңойго турган жок. Жаштардын китепке болгон кызыгуусу күндөн күнгө жоголуп, рухий жактан жарды балдар өсүп келе жаткандай туюлат. Ошондуктан өспүрүмдөрдү адабиятка кызыктыруу менен маданиятка, тилге, тарыхка болгон сезимин ойготууда кыргыз адабияты сабагы чоң роль ойнойт. Ал үчүн сабактын алдына койгон максаттарын ишке ашыруу үчүн мугалимдин ар бир сабакка болгон даярдыгы жогорку деңгээлде болушу абзел. Мугалим окуучуну кызыктыруу үчүн баланын заманы менен тарбиялап, башкача айтканда, заманбап технологиялардын жардамы аркылуу сабак өтсө, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат.

Улуу окумуштуу, адабиятчы, котормочу, акын-жазуучу Касым Тыныстановдун өмүрү жана чыгармачылыгын мектепте окутуу үчүн окуу программасында 10-класста 2-чейректе 3 саат бөлүнгөн. 10 класстын кыргыз адабятынын календардлык планында Касым Тыныстановдун өмүрү, чыгармачылыгына 1 саат, “Жаңыл мырза” поэмасына 2 саат арналган. Өмүр жолуна бөлүнгөн бул бир саатта мугалим окуучуларга анын адамдык жана чыгармачылык тагдырын толук ачып берүү милдетин жоопкерчилик жана чыгармачылык менен аткарууга тийиш. Андыктан мугалим К. Тыныстановдун адамдык тагдыры тууралуу кызыктуу факты-материалдарды даярдоодо изденүү талап кылынат. Анын үстүнө, мамлекеттүүлүктүн жана агартуунун башатында турган улуу

инсаныбыздын өмүр жолу жаштарга үлгү катары кызмат кылат. Кыргыз тил илимин, адабиятын, маданиятын түптөөгө чоң салым кошкон улуу инсандын өмүр жолун жаштар өрнөк тутуп, жеке турмуштарына сабак алыш үчүн мугалим окуучуларга Касым Тыныстановдун адамдык жеке тагдыры менен кыргыз элине жасаган опол-тоодой эмгегин, илимдеги, адабияттагы, агартуудагы салымын ачып берүү зарыл.

Бүгүнкү илим менен техниканын өнүккөн доорунда жашап жатканыбызга ушул турмушка жетүү үчүн мамлекетибиздин пайдубалын түптөгөн Касым Тыныстанов сыяктуу адамдарыбыздын эмгеги зор экенин окуучуларга жеткирүү – мугалимдин милдети. Техниканын өнүккөн заманына жетүү Касым Тыныстанов сыяктуу тубаса талантуу, ары мээнеткеч, эмгекчил адамдарыбыздын талыкпай иштеген эмгектеринин ийгилиги экенин жаштарга жеткирүүдө окутуучу-мугалимдердин ролу чоң. Өзгөчө, кыргыз адабиятынан сабак берген мугалимдер ар бир сабакта тиешелүү темалар менен билим эле бербестен, тарбия берүү милдетин аткарышат. Анткени кыргыз адабияты сабагы окуучунун ойлонуу кебин, ой жүгүртүү сезимин, мекенчилдик рухун ойготууга багытталган. Ошондуктан ар бир мугалим темага бөлүнгөн саатты туура бөлүштүрүп, ар бир маалыматка көңүл бурушу зарыл болуп саналат.

Акын-жазуучулардын өмүрү-чыгармачылыгын өтүү 5-класстын адабиятында эле башталат. Бирок адабиятты окутуунун башталгыч этабында акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу учкай эле сөз кылынат. Анткени адабиятты жаңы түшүнүп баштаган окуучуларга жазуучунун же акындын узак өмүр-таржымалын баяндап берүүнүн кажети жок.

Жогоруда белгилегенибиздей, К. Тыныстановдун өмүрү-чыгармачылыгына 1 саат арналган. Мугалим акын-жазуучунун жеке тагдырын, өмүр жолун окуучуларга тааныштырууда сабак-лекция, ошондой эле сабак-презентация формасын тандап алганы туура. Өзгөчө, Касым Тыныстановдун тил илими үчүн, адабияттын, маданияттын түптөлүшү үчүн жасаган эмгектери ат көтөргүс. Ошондуктан лекция-сабак формасында окуучуларга анын жеке адамдык тагдыры, 30-40-жылдардагы тоталитардык система, репрессия курмандыгына айланган айласыз тагдырын ар бир окуучу билиши керек.

Мекенибиздин бүгүнкү күндө эгемендүү көз карандысыз мамлекет болуп турушуна улуу инсан Касым Тыныстановдун кошкон салымы зор экенин ар бир кыргыз жараны билүүсү милдет. Ушундай жаркын келечектүү мамлекет үчүн жаштарыбыз билим алып, илим изденишине опол тоодой эмгек жумшаганын, адамдык жеке тагдырын лекция-баян аркылуу айтып берүү менен окуучулардын ойлонуу сезимин, Ата мекенге

болгон сүйүүсүн, мекенчилдик сезимин ойготууда Касым Тыныстановдун аз жана саз жашаган өмүрү үлгү катары кызмат кылат. Андыктан акын-жазуучу Касым Тыныстановдун өмүрү, чыгармачылыгына арналган бул сабакта Касымдын Ысык-Көл областындагы Тамчы айлында 1901-жылы орто чарбасы бар Маркатай аттуу адамдын уулу катары жарыкка келгенин айтып, анын кенедейинен зирек, тың бала болуп чоңойгонун, жаш кезинен жергиликтүү мусулмандардан кат таанып, билимин өркүндөтүү үчүн Караколдогу орус-тузем мектебинен билим алганын айтуудан баштайт. Ошондой эле мугалим кыргыз элинин тарыхындагы Үркүн окуясы, Касымдын эл менен Кытайга барышы, бир жылдан кийин эл менен кайра кайтып келиши, 1919-1924-жылдары Ташкенттеги казак-кыргыз агартуу институнда окугандыгы тууралуу маалымат берет. Андан соң мугалим Касымдын кыргыз тил илимин негиздеген окуумуштуулук эмгектерин атайын даярдап келген слайддары аркылуу заманбап технологиялардын жардамы менен баяндап берсе, мыкты болот. Слайдда тил илимине, адабиятка, котормого, драмага кошкон салымын, ошондой эле кыргыз элинин туңгуч газетасы “Эркин-Тоонун” жооптуу редактору болгонун, бул газетанын жарыкка чыгышы менен анын замандаш-калемдештери элге тааныла баштаганын билдирет. Андан ары мугалим-лектор 1928-жылы К. Тыныстанов жеке демилгеси менен бардык агартуу системасында эмгектенген замандаштарын үгүттөп, өз чөнтөгүнөн каражат чыгарып 1928-жылы “Жаңы маданият жолунда” аттуу журналын негиздегенин айтат. Бул журнал ошол учурдагы биринчи адабий журнал болгонун, азыркы күндө да үзгүлтүккө учурабай жарык көрүп келе жаткан “Ала-Тоо” журналы экенин айтып, окуучулардын кызыгуусун жаратат. Муну менен катар эле мугалим-лектор экинчи слайдда 1930-40-жылдардагы тоталитардык система жана К. Тыныстановдун эл душманы аталышы тууралуу кеп кылат. Бул тарыхта кара тамгалар менен жазылып калган учур тууралуу мугалим окуучуларга баяндап берет. Бирок мугалим репрессия курмандыктары тууралуу баяндоодо ошол жылдар ичиндеги Касымдын калеминен жаралган чыгармаларына да токтолот. Мугалим Касымдын өмүрү, чыгармачылыгына арналган киришүү сабагында ырларына кенен токтоло албайт. Үстүртөн тааныштыруу менен, окуучууларга тапшырма берет. Бул сабакта мугалимдин дагы бир жагдайды эске алуусу зарыл жана милдеттүү.

Окумуштуу А. Акматалиев: “Тагдырдын татаалдыгы ага поэтикалык дараметин, жөндөмүн толук ачып берүүгө мүмкүндүк, шарт түзбөдү. Канатын кайрып алган куштай адабияттын чалкып жаткан кең асманында ээр-эркин уча албады. Идеологиялык кысымдар, жолтоолор аны чыгармачылык трагедияга такап койду”, - деп айтканын [5: 37] айтуу

менен, Касымдын репрессия курмандыгы болушу, анын акталышы, тарых өзү тастыктап мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон бери Касымдын 100, 110, 120 жылдыктары өткөрүлүп, анын чыгармачылыгы кайрадан жаңыча көз караш менен изилденип жатканы тууралуу билдирет.

Мугалим жогорудагыдай сабак-лекциясында сабак-слайддарды пайдалануу менен акындын жеке тагдыры, ишмердүүлүгү, эл душманы аталышы тууралуу баяндап берип, окуучуларды анын андан аркы чыгармачылыгына болгон кызыгуусун ойгото алат. Ал эми экинчи сабакты К. Тыныстановдун чыгармачылыгы менен тааныштыруу үчүн окуучуларга акын-жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган адабияттарды жана өмүрү-чыгармачылыгы тууралуу **эскерүү-эсселерди** жазуу, **слайддарды түзүү** иштери сунушталат. Мугалим тарабынан берилген мындай тапшырмаларды аткаруу үчүн окуучулар өз алдынча окуп даярданууга, же экиден, каалаstarting топ-топ болуп иштөөгө уруксат берилип, эскерүү-эссе жазып, слайддарды түзүү үчүн Касым Тыныстановдун чыгармачылыгы боюнча бул мезгилге чейин жарыяланган факты-материалдарды ыгы менен кантип пайдалануу керектиги, методикалык сунуштар, материалдарды колдонуу багыттары сунушталат.

Ошондой эле ар бир окуучу таап келген факты-материалдардын негиздүүсүн, кызыктуусун колодонууга багыт көрсөтүү менен, окуучулар таап алып келген материалдарга да баа коюла тургандыгын белгилеп коюу керек. Ар бир окуучу же топ чыгармачылык менен иштөөсү үчүн мугалим бир тема белгилеп коюшу сөзсүз керек. Мисалы, “Касым Тыныстановдун көркөм дүйнөсү” деген сыяктуу, бул темада иштеш үчүн бардык окуучуларга бирдей шарт, кырдаал түзүлөт. Ушул сыяктуу эле окуучуларга слайдда эмнелерге көңүл бурулушу керектиги да эскертилет. Мугалим окуучуларга К. Тыныстановдун чыгармалары кыргыз адабиятынын тарыхында алгачкы жолу 1925-жылы он миң нуска менен Москвадан басылып чыккандыгын, автор ошол кезде 24 гана жашта болгондугун, улуу Үркүн тууралуу жана К. Тыныстановдун үркүндөгү турмуштук көргөн-билгенинин чыгармачылыгына тийгизген таасири, анын билим алышы үчүн ата-энесинин кам көрүшү, алган билимин тереңдетип, кыргыз эли үчүн жазган китептери, кыргыз тил илимин негиздеши, адабиятка кошкон салымы, котормодогу орду, 30-40 жылдардагы тоталитардык система, акындын репрессияланышы, эл душманы аталышы, акталышы,Чоң-Таштагы чоң окуялар ж. б. маалыматтарга маани берилиши керек экендигин окуучуларга түшүндүрүү керек. Ошондой эле бул маалыматтар боюнча тереңирээк билиш үчүн З. Бектенов, К. Асаналиев, К. Артыкбаев, С. Жигитов, А. Эркебаев, К. Даутов, О. Ибраимов, О. Сооронов, А. Акматалиев ж. б. адабиятчы, сынчы-

окумуштуулардын К. Тыныстановдун адамдык жана чыгармачылык тагдырына арналган эмгектери сунушталат.

Окуучулардын сабак-слайд же сабак-презентация тапшырмаларын аткаруусунда эркиндик берилет. Мугалим тарабынан өтүлгөн киришүү сабагынан алган маалыматтарды тереңдетип, сунушталган адабияттарды пайдаланышып, тапшырмаларды аткарууга активдүү киришет. Анткени сабак-презентация, сабак-слайд топто же болбосо жеке иштөөдө окуучулардын артыкчылыктарын, аракеттерин, кызыгуусун көрсөтөт. Маселен, окуучулар К. Тыныстановдун ырлар жыйнагынан төмөндөгү ырынан слайд жасашат:

Арт жагымды карасам,
Агарып Көлүм көрүнөт.
Ысык-Көл сени самасам,
Акылым санга бөлүнөт.
Кыздарды сатып нан жедик,
Жарты буддан буудайга.
Алда бир орус төрөм ай!
Мен Ысык-Көлдү качан көрөм ай! [4: 5].

Бул ырдан окуучулар Касымдын 14 жашында эл менен чогу Кытай жергесине качып барып, жалпы эл көргөн азап-тозокторду көрүп, ошол жүрөктү титиреткен оор учурлар анын чыгармачылыгынын ачылышына, ыр жазуусуна түрткү болгонун белгилешет. Ошондой эле окуучулар акындын терс көрүнүштөргө болгон мамилесин, Ата журтуна болгон кусалыгын сүрөттөөгө аракет кылганын ыр саптары менен далилдешет. Бул ырын улай эле Кытайдан туугандары менен оор кыйынчылыктарга карабай элине кайтып келип, бир жылдай таякелерине туруп, ал жерден алгачкы Мариям аттуу туңгуч балалык сүйүүсүнө жолугушу айтылат. Кийин бул сүйүүсү тууралуу “Мариям менен көл боюнда аттуу” чыгармасын жазылганын далилдешет. Ошондой эле бул кызга болгон ашыктыгы, экөөнүн мамилеси акындын чыгармачылыгынын жаралышына себепкер болуп, сүйгөн кызын башкага берип койгону ого бетер Касымды алыска Ташкентке барганга түрткү болгон деген сыяктуу маалыматтарды таап, аны далилдөөгө аракет жасашат. Окуучулар акындын орус поэзиясы менен кеңири таанышып, алдыңкы Европа адабиятынан таалим алганын ушул кырдаал менен байланыштырат. Анын орус тилин жакшы билүүсүн ушул булактарга байлап, аны акындын жан дүйнөсүнүн кеңири өнүгүүсүнө жол ачып берген багыт катары эсептешет жана бул багыттагы ойлорун ар тараптуу түшүндүрүүгө **өз слайддарында** мүмкүндүк алышат.

Айрым топтогу окуучулар К. Тыныстанов окуп жүргөн кезинде «Шолпан», «Сана» журналдары, «Ак жол», «Жаңы өрүс», «Учкун», «Тилши» гезиттери менен кызматташуусуна, аларга өз чыгармаларын жарыялоого мүмкүнчүлүк алганына токтолушат. Көп иштеп, көп окуп, бирде ачка, бирде ток болуп, бөтөн жердеги жашоо анын ден соолугуна таасир этип, 1920-жылдын кыш айлары ооруканада дарыланганы да балдардын көз жаздымында калбайт. Ал 1921-жылдын май айында врачтардын кеңеши менен Караколго ден соолугун чыңдоого келет да, ал жерде да бекер жүрбөй, коомдук иштерге аралашып, кыргыз театр труппасын уюштурганы менен байланыштырышат. Кийин Ташкентке кайра барып, окуусун улантканы, 1922-1923-жылдардын жай айларында, каникул мезгилинде Караколго келип, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын үйрөнүү максатында эл оозунан көп материалдарды чогултуп, ырлар жаза баштаганы окуучулардын слайддарында орун алат. Анын бир нече ырлары 1920-1924-жылдарда жазылып, алар кийин 10 миң нуска менен 1925-жылы Москвадан «Касым ырлар жыйнагы» деген ат менен басылып чыгат. Ага 32 ыр (анын 12си казак тилинде), бир котормо (И. Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» тамсили) жана «Жаңыл Мырза» поэмасы киргизилгени өзүнчө маалыматтык булак болуп берет.

*Окуучулар акындын дүйнө таанымынын калыптануусуна өзүнчө маани беришип, анын акын болушуна таасирин тийгизген кырдаалдарга токтолушат.* Гезитте иштеп, ага түшкөн макалаларды редакциялоо анын мойнуна жүктөлөт. Казак акындарынын жазгандарын көп окуп, казак тилин үйрөнө баштаган Касым казак ырларынын авторлору менен таанышат. Аны айрым окуучулар ошол учурда Ташкенттеги интернаттын карамагында жаштар союзунун ячейкасын уюштурулушу менен байланыштырса, экинчилери ошол кездеги таланттуу казак акыны Магжан Жумабаев менен кызматташуусу чоң таасирин тийгизгенин билдиришет. Эки ача башталмага ээ болгону менен, окуучулар акындын өмүр таржымалындагы бурулуш мезгилди таанып-билүү үчүн бул маалыматтар маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан баары мына ошондон башталганын, бул мезгилден баштап Касымдын өмүрүндө бурулуш болгонун, ал жылдар элпек, орусчаны мыкты билген шайдоот уланга өзгөчө таасир калтырганын, б. а., ушундан тартып окуусунан тышкары коомдук иштерге да аралашып, мугалимдерге, жаштарга, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга жага турган иштерди жасаганын окуучулар өздөрү түзгөн слайддар аркылуу биле алышат. Ошондой эле окуучулар К. Тыныстановдун сүрөткер катары калыптанышы үчүн өзүнүн аракетчил жеке турмушун, алга умтулган дараметин, көп окуп, көптү билүүгө жасаган дадалатын, айлана-чөйрөсү, патриоттук сезими таасир бергендигин анын чыгармаларын талдоо менен аныкташат. Касымдын тагдыры канчалык татаал болуп, чыгармаларына өтө катуу, адилетсиз сындар айтылып турса да, ал

тагдырына таарынган бир дагы ырды жаратпастан, өз мезгилинин деңгээлинен алып караганда, философиялык, лирикалык, жаңычылдык, дээрлик эргүү ырларды бере алган. Анын артыкчылыгы да ушунда болгон. Ушунусу менен ал чыгармачылыкты, поэзияны ыйык туткандыгы, аны мөлтүрөгөн булактай таза кармагандыгы көрүнүп тургандыгын сезе алышат. Буга жетишүү үчүн окуучуларга өздөрү түзгөн **слайддарды коргоо** маанилүү болуп саналат.

Тапшырма аткарууну, сабаккка болгон кызыгууну арттыруу үчүн окуучулардын жекече өз алдынча же топ менен иштөөсүндө мындай сабак-презентация, сабак-слайддар жогорку көрсөткүчтөрдү берет. Ар бир окуучу же топ өзүнүн слайдын, презентациясын мыкты даярдап, коргоого коюу үчүн жоопкерчиликтүү эле мамиле кылбастан, изденүү менен даярдыктарды көрүшөт. Окуучулар К. Тыныстановдун жеке тагдырына, чыгармачылыгына байланыштуу окумуштуулардын ой пикирлерине да токтолуп, слайдда алардын цитаталарынан мисал келтиришет. Касымдын прозасы жана поэзиясынын жаралышын издөөгө алуу менен эле кайра жоопторун слайд түзүү менен көрсөтүшөт. Мындай учурларда анын ата-энесининин ролун баса белгилебей коюшпайт. Демек, мындай сабактар акын-жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгы боюнча өтүлгөн материалдарды өздөштүрүп эле калбастан, окуучулардын изденүүсүнө, чыгармачылык менен иштөөсүнө жол салат. Акындын чыгармачылыгы боюнча өздөрү таанышып, кенен материалдарды таап, талкулоого үйрөнүшөт. Ошондуктан сабактын билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк максаттары толугу менен ишке ашышы үчүн мугалим окуучуларга колдоо көрсөтүп, шык-дем берип туруусу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабияты сабагын окуучуларга кызыктуу кылып өтүүнүн эң башкы жолу болуп чыгармачылык менен изденүүчүлүк , мыкты даярдык, терең билим жана мугалимдик кесипти сүйүү саналат. Кесибин сүйбөгөн, окуучулар үчүн күйүп-бышпаган мугалим сабакты жогорку деңгээлде өтө албайт.

## Адабияттар:

1. Акматалиев А. Тандалмалар. - Бишкек, 2002.
2. Асаналиев К. Касым Тыныстанов. “Өткөн күн” мотиви // Китепте: Касым Тыныстанов и отечественная культурная история XX века. Материалы юбилейной научной конференции. - Бишкек, 2001. - 48-б.
3. Жигитов С. Кечээкинин сабактары,бүгүнкүнүн талаптары. - Фрунзе, 1991.
4. Касым Тыныстан уулу Адабий чыгармалар. Түз. З. Бектенов, А. Эркебаев. - Бишкек, 1991. - 5, 10, 101-102, 111-бб.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Бишкек, 2015.
6. Эркебаев А. Соңку сөз. Китепте: Тыныстан уулу Касым. Адабий чыгармалар. - Бишкек, 1991. - 125-б.